УДК 930.2:94 (575.2)

Джунушев К.В.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ТИЛЕКМАТ УУЛУ ЧЫНЫБАЙДЫН ТУРМУШ ЖОЛУ

*Макаланын максаты: Чыныбайдын турмуш жолунун бир багытын, Ысык-Көл өрөөнүнө жер которуп оошуп келген элдер мене ниш алып баруусун иликтөө.*

*Макаланын обңктиси: Тилекмат улу Чыныбайдын ишмердүүлүгүнүн бир багыты – көл өрөөнүнө келген элдер менен карым-катышы мамилеси.*

*Чыныбай турмуш жолунда жергиликтүү калк менен гана иш жүргүзбөстөн, бугу уруусу Россия империясынын карамагына өткөндөн баштап орустар, өзбектер, дунгандар менен иштөө бир беткей болгон эмес. Макалада ошол өзгөчөлүктөр жөнүндө да учкай маалымат берилген.*

Кыргыз, казак, өзбек, түрк (Осмон түркү) ж.б. элдерде эл башкарган атактуу адамдар, оокат-тиричилиги жетиштүү байлар илгертен эле көп аял алышкандары тарыхта белгилүү. Өзгөчө, мындай адамдардын көп аял алышы кыргыз элинде кеңири тараган. Ошондон улам кыргыздарда: «Кыргыз байыса, катын ала берет, сарт байыса, там сала берет», - деген макал келип чыккан.

Биздин заманга келип жеткен маалыматтарга караганда, Тилекмат аке да көп аял алган экен. Санжыра-тарыхта алардын саны ар түрдүү: өзүнүн чөбөрөсү Ачикеев Кудайбергендин эмгегинде алты аял алган; биринчи аялы – Айке, андан үч уул; экинчи аялы – Кенжеке, андан сегиз уул; үчүнчү аялы – Уркуя, андан эки уул; төртүнчү аялы – Эрээнче, андан бир уул; бешинчи аялы – Сайкал, андан эки уул, алтынчы аялы – Узунчач, андан бир уул; кыздарынан башка бардык уулдары – он жети.[1] Ал эми Тилекмат акенин урпактарынын бири, милициянын полковниги Оболбек Албаковдун эмгегинде сегиз аялы – Айке (андан үч уул, төрт кыз), Каракүн (анын үч уулу), Урпуя (эки уул), Кенжеке (андан тогуз уул), Сайкал (эки уул), Эрээнче (бир уул), Узунчач (бир уул), сегизинчи байбичеси – Айым, андан үч уул, алты кыз болгон. Алар Ноокат районунун Кулатов айылында жашашат.[2] Тилекмат акеден тараган тукумдар жөнүндө дагы бир жаңы маалыматты Бараканов Төлөштөн (Чыныбайдын чөбөрөсү) таптык.[3] Ал маалымат боюнча Тилекмат акенин жети аялы болуп (Айке, Кенжеке, Урпуян, Эрээнче, Сайкал, Узунчач, Айым), алардан он жети уул көргөн. Дагы бир элдик санжырада Тилекмат акенин беш аялы болуп, алардан 17 уул күткөн.[4]

Тилекмат акенин санжыраларда айтылып жүргөн уулдарынын саны бирдей, бардык варианттарда он жети. О.Албаковдун вариантында гана 24 уулу болгон деп айтылат. Ал эми никелешип алган аялдары жетөө экен. Акыркы маалымат боюнча Бараканов Төлөштүн варианты чындык экендигин Тилекмат акенин айылындагы өз тукумдары тактап айтып беришти.[5] Бул акыркы вариант. 2003-жылы Кара-Кулжа районунун Сары-Булак айылында жана 2004-жылы Жети-

[1] Ачикеев К. Тилекмат акылман башчы, даанышман кеъешчи, баатыр элчи (тарыхый очерк). –Бишкек: 1998.
[2] Албаков О. Акылман, элчи Тилекмат аке. –Бишкек: Бийиктик, 2009, 124-133-б.
[3]Бараканов Тёлёш, Тилекмат айылынын тургуну, жогорку билимдщщ, Жети-Ёгщз районунда салык инспекциясында иштейт.
[4]Жылкыбаев Апыш, Жети-Ёгщз району, Балтабай айылы, жогорку билимдщщ, 1924-жылы туулган.
[5] Бараканов Тёлёш. Жети-Ёгщз району, Тилекмат айылы, жогорку билимдщщ.

Өгүз районундагы Тилекмат айылында (мурунку Шалба) Тилекмат акенин түпкү туугандары жана өзүнүн тукумдары биргелешкен салтанаттуу жолугушуудагы маектешүүлөрдө да такталган экен. Бул эки жолку кездешүүгө Ош областынын Кара-Кулжа, Ноокат райондорунун жана Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз, Түп райондорунун өкүлдөрү катышкан. Тилекмат акенин жана анын уулу Чыныбайдын аялдары, алардан төрөлгөн балдары жөнүндөгү такталган схема-таблица акыры биздин колубузга тийди.

Чыныбай Тилекмат акенин Кенжеке деген экинчи байбичесинен төрөлгөн. Колдо бар маалыматтарга караганда, Кенжеке Тилекмат акенин мээрими түшкөн ары акылдуу, адамгерчиликтүү, ары төгөрөгү төп келишкен сулуу аялы экен. Тилекмат акенин бардык аялдарынын ичинен көп тукум берген түгөйү да - ушул Кенжеке. Ал санжыралардын бир вариантында сегиз уул, бир кыз, дагы бир вариантында тогуз уул, бир кыз төрөгөн.

Чыныбай – Тилекмат аке менен Кенжекенин алтынчы баласы. Булардын балдарынын улуусу – Түркөбай, андан кийин Серкебай, Дыйканбай, Чымырбай, Таңыскожо, Чыныбай, Алымбай, Ачакей.

**Эскертүү.** Кыргыз салтында тукумду эрекек бала боюнча таратышат жана сүрүштүрүшөт, анткени кыргыздар эркек баланы тукум, ал эми кыз баланы туяк деп эсептешет. Эркек эч жакка кетпейт, ал атанын түтүнүн улантып, өз элинде, өз жеринде жашайт. Кыз бала – убактылуу конок. Ал бойго жеткенде, өз түгөйүн таап, башка жакка кетет. Ошондуктан тукум эркек бала боюнча аталат.

Санжыраларда Чыныбайдын туулган жана өлгөн жылдарында да айырмачылыктар бар: О.Албаковдун эмгегинде 1833-жылы (Тилекмат аке 40 жашка келгенде) төрөлүп, 1888-жылы өлгөн.[6]Ал эми окумуштуу, Кыргыз Республикасынын Илим жана техника жаатындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Дөөлөтбек Сапаралиевдин берген маалыматы боюнча 1839-жылы төрөлүп, 1890-жылдары өлгөн.[7]

Ошентип, биринчи вариант боюнча Чыныбай 55 жашка, экинчи вариант боюнча 51 жашка чыккан. Биздин оюбузча, биринчи вариантта көрсөтүлгөн жылдар туура болуу керек. Анткени Ысык-Көл өрөөнүнөн чыккан 7 акени изилдеп жүргөн тарыхчы Кашымбек Асанбековдун эмгектеринде да ушул жылдар көрсөтүлгөн.[8]

Чыныбай да бойго жеткенден көзү өткөнгө чейин 7 аял алган: биринчиси – Манат, андан 5 уул; экинчиси – Телегей, андан 6 уул; үчүнчүсү – Айымбача, андан 2 уул; төртүнчүсү – Айгүлчө, андан 1 уул; бешинчиси – Топчу, андан бир уул; алтынчысы – Кыйкатай, эркек баласы жок; жетинчиси – Чолпон, мунун да эркек баласы жок.

Санжыралардын маалыматтары боюнча, Чыныбайдын да кеңешип турган жана өзгөчө жатык адамгерчилик менен мамиле жасаган байбичеси Телегей болуптур.

Чыныбай да атасын тартып, жерден боорун алгандан баштап эле чыйрак,

[6]Албаков А. Аталган эмгеги, 136-б.
[7]Сапаралиев Д. Э.Турсуновдун «Боронбай» деген эмгегинин тиркемеси, 289-бет.
[8]Асанбеков К. Ысык-Кёлдщн жети акеси. –Бишкек: Кут бер, 2007, 12-б.;
Асанбеков К. Ысык-Кёлдщн жети акеси. –Каракол: Карга аке, 2011, 70-б.

жасала турган иштерди айттырбай, өзү сезип, байкап турган баамчыл, мүнөзү боюнча адамга жакын жана жылуу-жумшак туура сөзгө кулак төшөгөн бала болуп өсүптүр.

Чыныбай 7-8 жашка чыгып калган учурунда, деги эле Кенжекеден көргөн балдарымды сындатып алайын деп, Тилекмат аке Сарт акени үйүнө меймангерчиликке чакырат. Анткени Сарт аке адамдын келечектеги тагдырын, кандай адам болорун жаземдебей айткан сынчы, акылман ойчул адам экен.

Сарт акенин кечкурун келе турган маалында Тилекмат аке балдары менен эшик алдында тосуп турушат. Сарт аке үй алдына келгенде, Чыныбай күтүлбөгөн жерден озунуп чуркап барып, акенин атынын чылбырынан сол колу менен кармап, оң колу менен колтуктап, аттан кичипейилдик менен түшүрүп, биринчи болуп саламдашкандан кийин атты мамыга өзү байлайт. Сарт аке Тилекмат жана анын бала-чакасы менен учурашып турганда, Чыныбай урматтуу адамга арналган ак өргөнүн эшигин көтөрүп, мейманды үйгө кириңиз дегендей ишарат кылып турганын көрүп, акелердин ичтери жылыган экен.

Сарт аке үйгө кирип жайланышып, төргө отургандан кийин, мурдатан эле көрүп-билип жүргөн чоң атасы сыяктуу анын жанына барып отуруп, Чыныбай акенин сол тизесине сүйөнүп калганда, энеси Кенжеке уялып, андай отурба, чоң атаң кенен-кесири эркин отурсун деп, баланы колунан тартканда, Сарт аке бала менен бирге отуруу ниетин билдирет. Ошондон баштап кеткенге чейин Сарт аке Тилекмат акенин бардык балдарынын кыймыл-аракетин, тамак жеп жаткандагы кылык-жоруктарына чейин байкап отурат. Бата тиленип, кол жуугандан кийин Тилекмат аке Сарт акеден балдарынын келечеги тууралуу кабар алгысы келгендигин айтат. Анда Сарт аке:

- Тилешим, өзүң Алла-Тааланын назары түшкөн адамсың. Уучуң куру эмес экен. Бардык балдарың турмуш-тиричиликте кор болбойт. Адам катары өз милдеттерин абийирдүүлүк менен аткарат. Ошондо да өзүңдү тарткан бирөө бар экен. Ал мына бул мага шынарлап отурган перзентиң – Чыныбай. Чыныбай да эл атасы болуп, дубанды бийлеген адам болот экен деп, анын адам жылдыздуу экендигинен баштап, ар нерсени алдын ала сезип, туюп, байкап тургандыгына чейин мүнөздөп берген экен. Тилекмат аке да Чыныбайдан чоң үмүт кылып жүргөн. Бала тестиер өспүрүм болгон учурунда Верныйга (азыркы Алматы шаары) жиберип, 3-4 жылы орусча окуткан. Анткени Тилекмат аке табият тартуулаган акыл-эсти билим менен байытуу зарылдыгын өз башынан өткөргөн.

Тилекмат аке Чыныбайга өзгөчө көңүл бөлүп, өзү аралашып жүргөн чөйрөдө кимдер бар экендигин, кимисинин кандай өнөр-кесиби бардыгын, тек-дарегине чейин айтып, кимге кандай мамиле жасоо керектигине чейин түшүндүрүп жүрчү экен. Ал гана эмес, элди туура багытта башкаруунун өзү билген жол-жоболоруна чейин айтып берген. Ошондой болсо да, дайым эле айткан нерсе айтканындай боло бербейт эмеспи. Чыныбай да бийликке келип, узак убакыттар бою эл башкарып такшалган кезде, өз билгениндей, өзү ойлогондой иш жүргүзүп, кээ бир учурда олдоксон иш жасагандыгы эл арасында айтылып жүрөт. Бул жөнүндө Чыныбайдын ишмердиги тууралуу сөз болгондо кайрылмакчыбыз.

Тилекмат акенин жашоо-тиричилиги, басып өткөн жолу, башынан өткөргөн окуялары ары татаал, ары оор болсо, Чыныбайдын өмүр жолу бирбеткей сыяктуу

байкалат. Мисалы, Тилекмат аке бирдиктүү мамлекети жок, ошондон улам уруу-уруу болуп жашап жүргөн, айрым жагдайларда түрдүү шарттарга байланыштуу уруу башчыларынын бирин-бири көрө албастыгы, же биринен бири өйдөөсүнгөндүгүнүн кесепетинен келип чыккан чыр-чатактарга, пикир келишпестиктерге күбө болуп, ошол эле учурда башка элдердин − калмактардын, кээде казак, айрыкча, Кокон хандыгынын төрөлөрүнүн − запкысын көргөн эл менен бирге жашап, оор күндөрдү башынан өткөргөн. Ал эми Чыныбай болсо атасынын аркасы менен эч кандай оор жашоо-тиричиликти көргөн эмес. Эс тарткандан баштап, Чыныбайдын өмүр жолу Россия империясынын колониялык саясатынын алдында өттү. Ошондо да ал эл көргөн кысымды керт башынан өткөрбөстөн, колониячылардын талабын аткарып, алардын бийлигин, жүргүзгөн саясатын колдоп, Каракол уездинин башчысынын жардамчысы кызматын аткарып жүргөн. Бул кызматта ал өмүрүнүн акырына чейин иштеген. Тагыраак айтканда, Чыныбай уезддин баш жетекчисинин жардамчысы деген мансаптуу кызматта 1863-жылдан 1888-жылга чейин иштеген. Бул кызматка ал күч-кубатынын толуп турган мезгилинде, отуз жашка чыккан курагында келип, үзгүлтүксүз 25 жыл иштеген. Айрым маалыматтарда Чыныбай Каракол уездинин орун басары, башчысы да болуп иштеген.[9]Бул маалыматты тактап коюу керек.

Россия империясынын Түркстан генерал-губернаторлугунун колониалдык башкаруучулугу жарым согуштук (полувоенный) түзүлүштө болгон: областтардын, уезддердин башчылары падышалык орус офицерлери жана участкалык приставдар болушкан. Ал эми болуштукту (волость − уезддин бир бөлүгү) урууларды, уруктардын билермандары жетектеген.[10] Ошол кезде кыргыздар жашаган территория Жети-Суу, Самаркан, Сырдарыя жана Фергана областарынын курамына кирген. Ал эми Каракол уезди 9 болуштуктан турган. Алардын жетекчилери (болуштары) кыргыздар болгон.

Ырас, Кемин-Токмок, Каракол уездеринин жардамчылары Шабдан да, Чыныбай да орус аскеринин офицери болушкан. Бирок алар улуту боюнча орус болбогондуктан, уезддин жетекчилери болушкан эмес. Чыныбай Верныйдан жана Санкт-Петербургдан орусча окуган адам болгондуктан, Каракол уездинде жардамчы да, катчы да болгондугу белгилүү.

Чыныбайдын Каракол уезд башчысынын жардамчысы болуусу да көп деле каршылыксыз, атасы Тилекматтын колдоо-сунушу боюнча ишке ашса, экинчи бир маалыматта Верныйдагы Россия империясынын жетекчилигине өзү кезигип, ага-тууганадры биргелешип чогулткан акчаны берип, өзүнүн билимдүүлүгүн жана орус тилин билгендигин айтып жетекчиге жагып, айтылган кызмат орунду ээлеген (жогоруда аталган К.Ачикеев жана О. Албаковдун эмгектеринде).

Чыныбай орус бийлигине аралашкан учурда, Ысык-Көл өрөөнүнө, айрыкча, Каракол шаарына түрдүү жолдор, себептерге байланыштуу орустар, украиндыктар менен катар татарлар, өзбектер, уйгурлар, сарткалмактар (булар нагыз калмактар эмес), дунгандар келе баштакан. Бул элдер менен карым-катыш жасоо, жергиликтүү элге салыштырмалуу, бирдей болгон эмес: орустар, украиндыктар кыргыздардын Россия империясынын карамагына өтүүсү менен

[9]Албаков О. Аталган эмгеги, 121-б.
[10]Плоских В.М., Джунушалиев Д.Д. История кыргызов и Кыргызстана. –Бишкек: Раритет Инфо, 2009, 170-б.

байланыштуу жер которуп келишип, үстөмдүк кылуу мүмкүнчүлүгүндө болушса, татарлар орустарды колдоо (Файзулла Ногаев сыяктуу тыңчылар), соода-сатык иштерин жүргүзүү, ислам динин кыргыз арасына кеңири жайылтуу максатын көздөшкөн. Ал эми уйгурлар менен өзбектер, негизинен, соода-сатык иштери менен келишип, кыргыздардан арзан мал алышып, аларды Анжиян, Наманган шаарларына айдап барышып, 3-4 эсе кымбатка сатышып, ченебегендей байлык топтошкон. Сарткалмактар атайы жер которуп келишсе, дунгандар кытайлар менен кагылышып, катуу жеңилишке дуушар болуп, жан сактоо максатында качып келишкен. Эми бул элдерге жер берүү, алар менен карым-катыш жасоо маселелери жөнүндө маалымат берели.

Жергиликтүү эл жер которуп оошуп келген эл, аргасыздан качып келген эл жана соода-сатыкка байланыштуу атайы максат менен келген элдер менен болгон мамилени жөнгө салууда, алардын суроо-талаптарын чечүүдө Чыныбай кыйла эле иштерди аткарган. Ушул максатта алардын ар бирине кыскача маалымат бермекчибиз.

**Сарткалмактар менен болгон мамиле**

Каракол шаарынын түндүк батыш жана түштүк батышындагы айылдарда - Челпек, Таш-Кыя, Бурма-Суу, Бөрү-Башта - жашаган элдерди жергиликтүү кыргыздар илгери Кытай тараптан жер которуп оошуп келген калмактар деп эсептешчү экен. Андай эмес. Булар калмак эмес, өзүнчө ар кошкон элдерден - өзбек, уйгур, кыргыз жана казактан - чыккан аралашма аргын эл. Бул эл жаралыш тегинде 20 түтүн (20 үй-бүлө) болгон: 4 түтүн өзбек - Бакы, Ошур, Кыяз, Казай (түтүн атасынын аттары); 4 түтүн уйгур - Чаган, Сүйсө, Акча Шудургу; 11 түтүн кыргыз - Солто, Сарбагыш, моңолдор, жедигер, боор, тынымсейит (Манкыш), Бежин Шарип, черик, Тынымсейит (Шонкур), Чимит, Кыпчак (уруу аталышы жана адам аттары); бир түтүн казак - Мышыкбай (адам аты). Ушулар бир айыл болуп жашап жүрүп, ич ара биригип, жалпысынан аргын (аралашма) сарткалмак деп аталып калышкан. Бул этнонимди (сарткалмакты) калмак эли атаган.

Ысык-Көлгө келгенге чейин сарткалмактар калмактар менен чогуу Кытай жеринде жашаган. Ошондон улам сарткалмактар калмак тилин да жакшы билишкен. Чындыгында, сарткалмактар көп тилди - калмак (азыркы жаштар билишпейт), кыргыз, орус, татар - тилдерин билишет. Азыркы негизги тили - кыргыз тили. Жалпы элдик маданияты - тили, салты, ырым-жырым, үрп-адаты, дини кыргыз менен бирдей, эч айырмасы жок.

Сарткалмактын Ысык-Көлгө ооп келип, кыргыз менен толук аралашып кыргыз болуп кеткенине болжол менен 147 жыл болду.[11]Азыр алар паспортунда улутун кыргыз деп жаздырышат.

Сарткалмактын Ысык-Көлгө келишине эки адам - Момун (кыргыз) жана Керем (өзбек) жетекчилик кылган. XIX кылымдын ортосунда Россия менен Кытайдын чеги такталып жаткан учурда сарткалмактар Капкакта, Нарынколдун Кытай тарабында жашашкан. Ошол мезгилде эл арасында кытайга кошулуу керекпи, же оруска кошулуу керекпи деген эки ой пайда болуп турганда, Момун менен Керем (ислам динине үгүттөгөн молдо) элди үгүттөп, сарткалмактарды

[11] Тохтакунов Турдахун. Сарткалмак элинин санжырасы. – Каракол: Каракол басмасы, 2001, 2-27-б.

түнү менен жашыруун көчүрүп, Ысык-Көлгө баштап келишкен.

Момун көлгө келери менен Чыныбайга, Каракол уездинин жардамчысына, кыргыз эмеспи, жакшылыгы тиер деп, биринчи жолугат. Чыныбай болсо так жооп бербей, келгиндерге чөбүн чаптырып жүрө берет. Эл кыш киргенге чейин отурукташып, камылга көрүп алышы керек эле. Ушул жагдайды эске алып, элден каражат чогултуп, Момун уездге келип жер сураганда, ага азыркы Челпек, Бөрү-Башты жердеп калууга чечим чыгарып берет. Бул кабарды угуп, Чыныбай уезд башчысына келип, мындай кеңешке катышпай калгандыгына байланыштуу өкүнүчүн айтканда, уезд башчысы бул чечим чек ара маселесинин негизинде болгондугун түшүндүрүп, алардын алып келгени ушул эле, сен чай ичип кой деп акча берет.

Сарткалмактар жаңы жер алгандан кийин, аларды шарттуу түрдө, өзүнчө болуш кылып, башчысына убактылуу Момунду болуштукка шайлашат. Ушул арада Чыныбай менен Момундун мамилеси бузулуп, Чыныбай Момунду өлтүрүүнүн аракетинде жүргөнүн энеси Кенжеке угуп:

- Кой, балам, бул адам жөнөкөй адам эмес деп укканбыз. Ага жаманчылык жасасаң, айныксыз өзүңө зыян болот, - деп тыйып койгону санжырада айтылып жүрөт.

Убакыттын өтүшү менен Чыныбай Момундун акылдуу, чындыкты гана айткан таза адам экендигин билип, аны менен жылуу мамиледе жүргөндүгүн сарткалмактар айтып жүрүшөт. Момундун уруусу - солто. Момун өмүрүнүн акырына чейин сартакалмактар менен ажырашпай, бир атадан тараган тукум сыяктуу бирге жашап өткөн экен.

Жыйынтыктап айтканда, сарткалмактар – Ысык-Көлгө өз ыктыяры менен жер которуп келеген эл.

**Татарлар, өзбектер, уйгурлар жана дунгандар менен болгон мамиле**

Сарткалмактар кыргыз, казак сыяктуу көчмөн эл болсо, татар, өзбек, уйгур, дунгандар отурукташкан, ошондон улам чарбачылыгы, жалпы эле экономикасы, анын ичинде соода-сатыгы байыртан эле калыпташып, өнүгүп калган эл экендиги тарыхта белгилүү.

Ысык-Көл өрөөнүнө оошуп келген татарлардын көпчүлүгү, биринчиден, орустардын кыргыз жергесине келиши менен байланыштуу. Алар орустар менен Татарстанда жашап жүргөндө эле карым-катыш түзүшүп, орус тилин үйрөнүшүп, орус шаарларына - Санкт-Петербург, Москва, Царицын (азыркы Волгоград), Астрахан ж.б. шаарларга - отрукташып, саясий-экономикалык, социалдык-маданий турмуш-тиричилиги боюнча да аралашып кеткен калк.[12] Экинчиден, кыргыз айылдарына (Даркан, Шалба ж.б.) жана Каракол шаарына (1869-жылы негизделген) жайгашкан татарлар Россиянын кадыр-баркын кыргыздарга даңазалап, аларга үн-сөзү жок баш ийип жашоого үгүттөө, аз да болсо, агартуу иштерин жүргүзүү, ислам динин жайылтуу максатында медреселерди (башталгыч окуу жайларын) ачуу үчүн келишкен. Үчүнчүдөн, көл өрөөнүнө келген татарлардын көпчүлүгү жердигинен эле бай, соода иштери менен кесиптешип кеткен алып-сатарлар болушкан. Мындай бай татарлар Каракол уезд башчысын, анын орун басарын жана жардамчысын байлыктын күчү менен колго алып коюшкандыктан, алар орустар, украиндыктар сыяктуу эле өздөрүн кыргыз жергесинде эркин сезишкен.

[12] Т.Тохтакуновдун аталган эмгеги, 23-б.

Ошондуктан татарлар менен Чыныбайдын ортосунда эч кандай пикир келишпестиктер болгон эмес.

Ысык-Көл өрөөнүнө ооп келген уйгурлар, өзбектер, татарлар - түрк тилдүү калктар. Алар тили боюнча гана эмес, жалпы эле чыгыш теги (пайда болуу теги) боюнча да өз ара байланыштагы эл экендиги тарыхта белгилүү.[13] Кыргыздар, айрыкча, уйгурлар менен байыртан эле жашаган жерлери боюнча да чектеш болгон.

Чыныбайдын тушунда көл өрөөнүндө жашаган өзбектер да, уйгурлар да кыргыз айылдарында жашашкан эмес. Алар соода иштери менен алектенишип, Каракол шаарында турушкан. Кыргыз жергесинде өндүрүлгөн өнөр жай товарлары болбогондуктан, алар, негизинен, мал менен соода кылышкан. Кыргыздардан жазда арзан мал алышып, аларды жайы менен жалданма адамдарга бактырышып, күзүндө мал семирген маалда Анжиянга, Наманганга айдап барышып, күзүндө мал семирген маалда 2-3 эсе кымбатка сатышып, байлык топтоп турушкандыгы кыргыз санжыраларында айтылып жүрөт.

Санжыра маалыматтарына караганда, көл өрөөнүндө жашаган, башка жактардан оошуп келген элдер менен кыргыздардын ортосунда дайыма бир калыптагы жакшы мамиле, адамдык жакшы байланыштар болуп, эч качан пикир келишпестиктер, каршылыктар болгон эмес.

Дунгандар Ысык-Көл өрөөнүнө сарткалмактардан кийин келишкен. Т.Тохтакуновдун санжыра маалыматы боюнча, сарткалмактар 1866-жылы, ал эми дунгандар 1883-жылдын ортосунда келишкен.

Бул маалыматка караганда, дунгандар сарткалмактардан 17 жыл кийин келишкен.

Кыргыз жергесинен оошуп келген дунгандардын мекени Борбордук Кытай болуптур. Алар кытай эли менен жер боюнча пикир келишпестиктен улам чыр-чатак чыгып, акыры анын аягы эки элдин урушуна, башкача айтканда, кан төгүшүнө алып келип, дунгандар жеңилет. Жеңилген дунгандардын бир бөлүгү эки жол аркылуу - Торугарт жана Эркеч-Там аркылуу - Кыргызстанга өтүшкөн. Ат-Башынын Торугарты аркылуу келген дунгандар Кыргызстандын түндүгүнө - Чүй жана Ысык-Көл өрөөнүнө - жайгашса, Эркеч-Там аркылуу келгендери Кыргызстандын түштүгүнө отурукташууга аракет кылышкан.

Дунгандар жашоо-тиричилигинде башынан эле дыйканчылыкты, соода-сатыкты жакшы өздөштүргөн жана отурукташкан калк болгондугунан улам, алар көл өрөөнүнө келгенде, Каракол уездинин жетекчисине кайрылышып, шаардан (Караколдон), же шаар четинен улай жер беришин өтүнүшүп, ой-максаттарына жетүү үчүн Ивановго (уезд жетекчисине) акча, алтын, күмүш жамбы тартуулашкан.

Уезд жетекчиси Каракол шаарынын түндүк жана түштүк тарабынан улай орун алган сарткалмактардын болушу Момунду чакыртып алып: - Дунгандар силер менен бирге шаар четинен орун алышсын. Сен аларга жашай турган жерин бөлүп бер, - деп буйрук кылат. Момун ойлонуп туруп, дунгандарга Ырдыкты[14]

---

[13] Баскаков Н.А. К вопросу о классификации тюркских языков. Известия АН СССР, т.1, Москва, 1952;
Баскаов Н.а. Классификация тюркских языков в связи с исторической периодизацией их развития и формирования. Труды института языкознания АН СССР, т.1, Москва, 1952.
[14] Тохтакунов Т. Аталган эмгеги, 6-бет.

(азыркы Дыйшынды) ыйгарып бериптир. Дыйшын Каракол шаарынан 5 эле чакырым жерде, Ырдык суусунун өзөнүндө жайгашкан.

Ошентип, дунгандарга жер берүүдө Чыныбай аралашкан эмес.